| | | |
|---|---|---|
| | ____________ (документтин шифри) | Ош мамлекеттик университети |
| | ____________ (беттин саны) | **АКАДЕМИЯЛЫК САЯСАТЫ** |
| | ____________ (бекитилген датасы) | **Ош мамлекеттик университетинде билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу жөнүндө** |

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору,
проф. К.Г. Кожобеков_______
2025-ж. "____" ___________

# "Ош мамлекеттик университетинде билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу жөнүндө"
# Ж О Б О

2025-жыл

документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | “Ош мамлекеттик университетинде билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу жөнүндө” жобо |
| Документтин теги | ОшМУнун академиялык саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | |
| Документтин шифри | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул жобо Ош мамлекеттик университетинин жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан окутуу технологияларын колдонуу тартибин аныктап турат. |

## МАЗМУНУ


1. Жалпы жоболор 3
2. Негизги терминдердин жана түшүнүктөрдүн сөздүгү 3
3. Аралыктан окутуунун максаттары, милдеттери жана уюштуруу принциптери 4
4. Аралыктан окутууну колдонгон системаны киргизүү, пайдалануу жана өнүктүрүү үчүн кадрдык камсыздоо 5
5. Аралыктан окутууну колдонуу менен окутуу системасын техникалык, программалык жана маалыматтык камсыздоосу 6
6. Аралыктан окутууну колдонуу менен билим берүү программаларын ишке ашыруунун катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу 6
7. Аралыктан окутууну колдонгон окуу процессинин окуу-усулдук камсыздоосу 9
8. Аралыктан окутууну колдонуу менен окуу процессин уюштуруу 9
9. Аралык аттестациялоо учурунда прокторингди колдонуунун уюштуруу-техникалык талаптары 13
10. Прокторингди колдонуу менен аралык аттестациясын өткөрүү тартиби 14
11. 1-тиркеме 15
12. 2-тиркеме 15


## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР:

КР – Кыргыз Республикасы

ОшМУ – Ош мамлекеттик университети

ЖОЖ – жогорку окуу жайлары

IT – маалыматтык технологиялар (Information Technology)

ПЦК – предметтик циклдык комиссиясы

ПО курам – профессордук-окутуучулук курам

ЭОУК – электрондук окуу-усулдук комплекстер

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

## 1 Жалпы жоболор

1.1. «Ош мамлекеттик университетинде билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан окутууну колдонуу жөнүндө» жобо Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №76 токтому менен бекитилген аралыктан (дистанттык) билим берүү технологияларын колдонууну жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө, Ош мамлекеттик университетинин Уставына, ошондой эле университеттин башка укуктук-ченемдик актыларына ылайык иштелип чыкты.

1.2. Бул жобо университет жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан аралыктан билим берүү технологияларын (мындан ары - аралыктан окутуу) колдонуу аркылуу билим берүү программаларын ишке ашыруу шарттарын жана тартибин аныктайт, аралыктан билим берүү процессине катышуучулардын мамилелерин жөнгө салат жана алардын укуктарын, милдеттерин аныктайт.

1.3. Аралыктан окутуу менен окуу процессин уюштуруу билим берүү лицензиясынын, ЖОЖдун Уставынын жана ушул жобонун негизинде жогорку, орто кесиптик билим берүүнүн багыттары (адистиктери), кошумча кесиптик жана ЖОЖдон кийинки билим берүүнүн багыттары боюнча жүргүзүлөт.

1.4. Аралыктан окутууну пайдалануу менен билим берүү процесси университет тарабынан билим алуунун күндүзгү, күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан окутуунун формаларында жүзөгө ашырылат.

1.5. Аралыктан окутуунун негизги түрлөрү болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- **Синхрондук (реалдуу убакыттагы) технологиялар** аралыктан билим берүүдө окутуучу менен студенттердин ортосундагы түздөн-түз байланышты камсыз кылат. Бул технологиялар үйрөнүү процессин класстагы сабактарга окшоштуруп, реалдуу убакыттагы өз ара аракеттештикти түзөт. Zoom, Microsoft Teams, Google Meet сыяктуу веб-конференциялык платформалар аркылуу же онлайн сабактарды өткөрүү үчүн атайын BigBlueButton, Adobe Connect, Blackboard Collaborate платформалары сыяктуу виртуалдык класс бөлмөлөрдөгү окутуучу менен студенттердин ортосундагы түздөн-түз байланыш.
- **Асинхрондук технологиялар (кейс-технологиялар)** аралыктан билим берүүдө окутуучу менен студенттин ортосундагы байланышты реалдуу убакытта эмес, ар кайсы убакытта ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Бул технологиялар студенттерге материалдарды өздөрүнө ыңгайлуу убакытта үйрөнүүгө жана тапшырмаларды аткарууга шарт түзөт. Электрондук окуу материалдары (E-learning, электрондук китепканалар, форумдар ж.б.у.с.) Moodle, Canvas, Blackboard платформалар сыяктуу же университеттин билим берүү порталы аркылуу таратылат.
- **Аралаш (гибриддүү) технологиялар** студенттер аралыктан окутууну колдонуу менен материалды үйрөнүп, андан кийин класста талкуулоо, практикалык иштерди жүргүзүү же синхрондуу жана асинхрондуу методдорду бириктирүү.

1.6. Ушул Жобо ОшМУнун ректору бекиткен учурдан тарта юридикалык күчкө ээ жана жокко чыгарууга чейин аракетте болот.

## 2 Негизги терминдердин жана түшүнүктөрдүн сөздүгү

**- окутуунун кредиттик технологиялары** - академиялык кредиттерди топтоо менен дисциплиналарды окуунун ырааттуулугун билим алуучулар тарабынан тандоосунун жана өз алдынча пландоосунун негизинде окутуу;

**- билим берүү порталы** - маалыматтык-телекоммуникациялык тармактын жардамы менен билим берүү процессинин катышуучуларына маалыматтык ресурстарга жана билим берүү мүнөзүндөгү кызмат көрсөтүүлөргө жетүү үчүн арналган маалыматтык система;

**- билим алуучунун санариптик изи** - окутууну башкаруу системасында жана (же) башка платформаларда жазылган билим берүү ишинин натыйжалары жөнүндө верификацияланган маалыматтардын жыйындысы;

– **санариптик билим берүү ресурстары** - ар кандай маалыматтык санариптик булактардан турган жана окуу процессинин дидактикалык жана башка методикалык максаттарына жетүүгө багытталган санариптик түрдө берилген маалыматтардын жыйындысы;

– **прокторинг** - бул студенттердин тесттерди жана башка экзамендерди онлайн режиминде тапшыруу учурундагы аракеттерин көзөмөлдөө технологиясы, башкача айтканда, тесттин уюштуруучулары атайын программа, веб-камера жана микрофон аркылуу экзамен тапшыруучуларды көзөмөлдөп турушат;

– **проктор** – бул экзамендердин же тестирлөө процессинин жүрүшүндө тартипти жана академиялык калыстыкты камсыз кылган, алыстан көзөмөлдөгөн экзаменатор.

– **тьютор-окутуучу** – бул студенттерге билим берүү процессинде колдоо көрсөтүүчү, багыт берүүчү жана окуу материалдарын өздөштүрүүгө жардам берген педагог, өзгөчө аралыктан окуу системаларында маанилүү ролду ойнойт.

## 3 Аралыктан окутуунун максаттары, милдеттери жана уюштуруу принциптери

3.1. Аралыктан окутуунун окуу процессинде колдонуунун максаттары:

- **билимге жеткиликтүүлүктү кеңейтүү** – географиялык, социалдык жана экономикалык чектөөлөргө карабастан, студенттер үчүн сапаттуу билим алууга шарттарды түзүү;
- **окутуунун ийкемдүүлүгүн камсыз кылуу** – студенттерге окуу материалдарына каалаган убакытта жана турган жеринен көз карандысыз жеткиликтүүлүктү берүү;
- **санариптик билим берүү ресурстарын натыйжалуу колдонуу** – электрондук окуу материалдарын, видео сабактарды, вебинарларды жана интерактивдүү платформаларды колдонуу аркылуу билим берүүнү өркүндөтүү;
- **студенттердин өз алдынча билим алуусун өнүктүрүү** – аралыктан окутуу шартында өз алдынча иштөө жөндөмүн жана жоопкерчилигин жогорулатуу;
- **окутуу процессинин сапатын жакшыртуу** – заманбап билим берүү технологияларын интеграциялоо менен окуу материалдарын натыйжалуу өздөштүрүүнү камсыз кылуу;
- **окутуунун үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу** – күтүлбөгөн кырдаалдарда (мисалы, пандемия, табигый кырсыктар) билим берүү процессин үзгүлтүккө учуратпоо.

3.2. Аралыктан окутууну колдонгон билим берүү процессин уюштуруунун милдеттери:

- билим берүү программаларына ылайык санариптик контентти иштеп чыгуу жана порталдарга жайгаштыруу менен окутуу процессин санариптештирүү;
- студенттерге электрондук окуу материалдарына үзгүлтүксүз жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;
- окутуучуларды жана студенттерди техникалык жактан колдоо, платформалар менен иштөө боюнча консультация берүү, техникалык көйгөйлөрдү чечүү;
- студенттердин өз алдынча иштөөсүн жана жоопкерчилигин өнүктүрүү, студенттердин билим алуусуна мотивация берүү;
- окутуу процессинин сапатын көзөмөлдөө жана баалоо, аткарылган иштерди анализдөө, студенттердин жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү;
- академиялык чынчылдыкты сактоо, тестирлөө жана баалоо механизмдерин жакшыртуу, плагиаттын алдын алуу, прокторингди колдонуу;
- ийкемдүү жана жеткиликтүү билим берүүнү камсыз кылуу, ар кандай категориядагы студенттерге ылайыкташтырылган окуу шарттарын түзүү;

3.3. Аралыктан окутууну колдонгон окуу процессин уюштуруунун негизги принциптери:

- **адаптивтүүлүк** - педагогикалык системанын бардык элементтеринин (максаттар, милдеттер, мазмун, окутууну уюштуруу формалары, методдор, каражаттар жана технологиялар, студенттердин практикалык жана өз алдынча ишмердигинин формалары,

документ ПОДПИСАН электронной подписью

окуунун натыйжаларын пландоо жана көзөмөлдөө, окутуучунун ролу) заманбап талаптарга ылайыкташтырылышы;

- **интерактивдүүлүк** - аралыктан окутууну колдонгон окуу системасынын бардык катышуучуларынын атайын электрондук билим берүү чөйрөсүндө форумдар, видео конференциялар, вебинарлар, чаттар, электрондук почта жана социалдык тармактар аркылуу тынымсыз өз ара аракеттешүү мүмкүнчүлүгү;
- **ийкемдүүлүк** - аралыктан окутууну колдонгон окуу системасынын катышуучуларына ыңгайлуу убакытта жана ыңгайлуу темпте иштөө мүмкүнчүлүгүн берүү;
- **модулдук** - билим берүү тутумунун катышуучуларына жеке окуу пландарын ишке ашыруу үчүн керектүү электрондук окуу курстарын же алардын айрым бөлүктөрүн колдонууга шарт түзүү;
- **оперативдүүлүк жана объективдүүлүк**: студенттердин окуу программасын өздөштүрүүсүн өз убагында жана калыс баалоо.

## 4 Аралыктан окутууну колдонгон системаны киргизүү, пайдалануу жана өнүктүрүү үчүн кадрдык камсыздоо

*4.1. Аралыктан окутууну колдонгон билим берүү процесси төмөндөгүдөй ыкмада ишке ашырылат:*

- заманбап маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө иштей алган профессордук-окутуучулук курам окуу-усулдук жана атайын окуу материалдарын даярдап, толуктап, студенттер менен аралыктан байланышты түзүп, алардын жайгашкан жерине көз карандысыз сабактарын жүргүзөт;
- уюштуруучулук-техникалык камсыздоону, администрация жана окуу-көмөкчү персоналдар ишке ашырат.

4.2. Аралыктан окутууну колдонууда акыркы 3 жыл ичинде жалпы көлөмү 36 сааттан кем эмес болгон IT-компетенттүүлүк, аралыктан окутуунун методикасы жана технологиясы жаатында квалификацияны жогорулатуу курстарынан өткөн ПО курамга жол берилет.

*4.3. Аралыктан окутууну колдонгон билим берүү процессин ишке ашырууга тартылган ПО курам төмөнкүлөргө ээ болушу керек:*

- студенттердин билим сапатына мониторинг жүргүзүү, текшерүү, рецензиялоо, көзөмөл ишин башкаруу боюнча атайын билимдерге жана жөндөмдөргө ээ болуу;
- билим берүү порталы аркылуу консультацияларды жүргүзүүнү, жеке консультацияларды өткөрүүнүн ыкмаларын жана методдорун өздөштүрүү;
- компьютердик маалыматтык жана коммуникациялык технологияларды, айрыкча электрондук маалыматтык тармактарда иштөө ыкмаларын билүү.

4.4. Зарыл болгон учурда университет аралыктан окутууну колдонуу менен башка билим берүү мекемелеринин ПО курамы менен (окутуучунун турган жеринен көз карандысыз, чет элдик ЖОЖдун) толуктоого укуктуу. Мындай кызматкерлер менен окуу процессин уюштуруу маалыматтык жана коммуникациялык технологияларды колдонуу аркылуу жүргүзүлөт.

4.5. Зарыл болгон учурда университет аралыктан билим берүү технологияларында иштөөгө кайра даярдыктан өткөндүгүн тастыктаган документтери жок ПО курамын тартууга укуктуу, бирок мындай кызматкерлер аралыктан билим берүү системасына катталгандан кийин бир жыл ичинде тиешелүү квалификацияны жогорулатуу курсунан өтүүгө милдеттүү. Бул окутуучулар ошондой эле 4.3-пунктта көрсөтүлгөн талаптарга жооп бериши керек.

4.6. Аралыктан окутуу колдонулган билим берүү системасында иштеген бардык кызматкерлердин санариптик көндүмдөрүн жана билимин үзгүлтүксүз актуалдаштыруу максатында, квалификацияны жогорулатуу борбору аралыктан окутууну колдонуу жана өркүндөтүү боюнча практикалык семинарларды үзгүлтүксүз уюштуруп турат.

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН электронной подписью

## 5 Аралыктан окутууну колдонуу менен окутуу системасын техникалык, программалык жана маалыматтык камсыздоосу

5.1. *Техникалык камсыздоо төмөнкүлөрдү камтыйт:*

- аралыктан окутууну үзгүлтүксүз уюштуруу үчүн маалыматтык-технологиялык инфраструктуранын – туруктуу тармактык туташуунун, сервердик жабдуунун, маалыматтарды сактоо системасынын болушун, интернет түйүнүнө туташтырууну камсыз кылган киберкоопсуздук системасынын, байланыштын коммуникациялык каналдарынын, студенттин жекелигин идентификациялоо үчүн аутентификация системасынын, онлайн прокторингдин иштешин камсыз кылуу.
- университет ата мекендик провайдерлер же университеттин IT-адистери тарабынан башкарылуучу, тейленүүчү жана колдоого алынуучу Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан серверлерде студенттердин жеке маалыматтарын жайгаштырууну камсыз кылуу.
- КРдин мыйзамдарына жана эл аралык стандарттарга ылайык жеке маалыматтардын коопсуздугун жана корголушун камсыз кылуу.

5.2. *Программалык камсыздоо төмөнкүлөрдү камтыйт:* билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасынын, анын ичинде веб-сайтты, окутуунун кредиттик технологиясын камсыз кылуунун автоматташтырылган системасын, санариптик билим берүү ресурстарынын жыйындысын камтыган аралыктан билим берүү платформасынын иштеши;

- студенттерге маалыматтык системалар, окуу-маалымдама жана методикалык материалдар жайгаштырылган билим берүү порталы, ошондой эле прокторинг, тестирлөө системасы жана ачык электрондук ресурстардын жеткиликтүүгүн камсыз кылуу.

5.3. *Маалыматтык камсыздоо төмөнкүлөрдү камтыйт*:

- аралыктан окутууну колдонууда жеткиликтүү болгон электрондук окуу-усулдук комплекстер (ЭОУК);
- окуу процессин санариптик билим берүү ресурстары менен камсыз кылуу;
- билим берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча санариптик сервистердин болушун камсыздоо;
- окуу сабактарынын жана экзамендердин электрондук жадыбалы жана студенттердин окуудагы жетишкендиктерин контролдоонун бардык түрлөрү, өзүн-өзү баалоо системасы, электрондук китепкана, электрондук документ жүгүртүү;
- сапатты камсыз кылуунун ички системасына ылайык билим берүү кызматтарынын сапатына мониторинг жүргүзүү системасынын болушу.

## 6 Аралыктан окутууну колдонуу менен билим берүү программаларын ишке ашыруунун катышуучуларынын өз ара ишмердүүлүгүн уюштуруу

6.1. Аралыктан окутууну колдонуу менен окутуунун натыйжалуулугун камсыз кылууда окуу-усулдук, системалуу-программалык жана электрондук билим берүү компоненттерин жалпы башкаруу жана координациялоо иштери окуу иштери боюнча проректор тарабынан жүргүзүлөт.

6.2. Окутуу процессинде бардык катышуучулардын натыйжалуу өз ара ишмердүүлүгүн камсыз кылуу максатында, ар бир катышуучуга тиешелүү роль жана жоопкерчилик деңгээли бекитилет, ошондой эле башка катышуучулар менен өз ара аракеттенүү багыты жана формалары аныкталат. Аралыктан окутууну колдонуу менен билим берүү процессин ишке ашырууга төмөнкү университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү катышат:

- администрация;
- кабыл алуу комиссиясы;
- академиялык иштер боюнча жооптуу түзүм;
- окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо боюнча жооптуу түзүм;
- китепкана;

Документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

- институттар, факультеттер жана колледждер;
- кафедралар, ПЦКлар;
- маалыматтык технологиялар жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө борбору;
- жогорку технологиялар паркы “IT академия”.

6.3. *Администрация*

Университеттин жетекчилиги (ректор, тиешелүү проректорлор, Окумуштуулар кеңеши) төмөнкү милдеттерди аткарат:

- университетте электрондук билим берүүнүн, анын ичинде аралыктан окутууну колдонуу менен окутуунун стратегиялык өнүгүү багыттарын аныктайт;
- университетте аралыктан окутууну колдонуу менен окутуу тутумун өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын ишке ашырууну көзөмөлдөйт;
- университеттин аралыктан окутууну колдонуу менен окутуу системасынын иштешине тиешелүү иш-чараларды жүзөгө ашырат.

*6.4. Кабыл алуу комиссиясы төмөнкү милдеттерди аткарат:*

- университетте аралыктан окутууну колдонуу менен билим берүү программалары боюнча студенттерди (угуучуларды) кабыл алуу жана документтерди каттоо иштерин уюштурат;
- аралыктан окутуу колдонулган билим берүү программалары боюнча окуу келишимдерин түзөт;
- аралыктан окутууну колдонууга негизделген билим берүү программаларынын маркетингин камсыздоого катышат.

*6.5. Академиялык иштер боюнча жооптуу түзүм төмөнкү милдеттерди аткарат:*

- бүтүрүүчү кафедралар менен биргеликте негизги билим берүү программаларынын аралыктан окутууну колдонуу менен электрондук окутуу аркылуу ишке ашырылуучу семестрдик окуу пландарын түзүүгө катышат;
- аралыктан окутууну колдонууда укуктук-ченемдик базаны, анын ичинде эл аралык стандарттарды мониторингден өткөрөт;
- аралыктан окутууну колдонууга катышкан ПО курамга консультациялык жардам көрсөтөт;
- аралыктан окутууну колдонууда окутуунун натыйжалуулугун жана сапатын баалоо боюнча бардык катышуучулардын сунуштарын жана пикирлерин жалпылаштыруу жана талдоо жүргүзүү аркылуу сунуштарды берет.

*6.6. Окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо боюнча жооптуу түзүм төмөнкү милдеттерди аткарат:*

- электрондук окуу-усулдук комплекстерди (ЭОУК) жана билим берүү колдонмолорду түзүүгө көмөк көрсөтүү;
- аралыктан окутууда ЭОУК боюнча жаңы жоболорду жана методикалык документтерди иштеп чыгууга катышуу.

*6.7. Китепкана төмөнкү милдеттерди аткарат:*

- университеттин электрондук китепкана системасынын үзгүлтүксүз иштешин камсыздоо;
- студенттер жана окутуучулар үчүн маалыматтык ресурстарды колдонуу боюнча окууларды, консультацияларды уюштуруу;
- аралыктан окутуу колдонулган билим берүү программалары үчүн керектүү адабияттардын электрондук версияларын топтоо жана жаңыртып туруу;
- китепкананын электрондук каталогун өнүктүрүү жана аралыктан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү.

*6.8. Институттар, факультеттер жана колледждер аралыктан окутууну колдонуу менен төмөндөгүдөй окутуу процессин уюштурууну камсыздайт:*

- багыттоочу сессия учурунда студенттерге аралыктан билим алуунун ыкмаларын үйрөтөт;

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-2021 от 12.05.2021

- студенттерге аралыктан окутуунун окуу-усулдук жана программалык камсыздоосун көрсөтөт;
- студенттердин университет менен өз ара кайтарым байланышын камсыздайт;
- аралыктан окутууну колдонууда учурдагы окуу процессин мониторингден өткөрөт;
- агымдарды түзүп, сабактарды уюштурат жана студенттердин контингентинин өзгөрүүсүн көзөмөлдөйт;
- аралыктан окутууга негизделген билим берүү системасында окуу процессинин жүрүшүн көзөмөлдөйт.

*6.9. Кафедралар, ПЦКлар төмөнкү иштерди камсыздайт:*

- аралыктан окутууну өнүктүрүү боюнча администрациянын көрсөтмөлөрүн, чечимдерин аткарат;
- аралыктан окутуу колдонулган билим берүү программалары үчүн ЭОУК, тесттик тапшырмаларды жана кошумча окуу материалдарын талаптарга ылайык иштеп чыгат;
- ЭОУКтун сапатын экспертизадан өткөрөт жана билим берүү порталына жайгаштырат;
- аралыктан окутууну колдонуу менен окутууну ишке ашыруу үчүн штаттык же сырттан айкалыштыруучу окутуучуларды 4.3-пунктта көрсөтүлгөн талаптарга ылайык камсыздайт;
- аралыктан окутуу аркылуу окуу жүктөмүн аткарууну көзөмөлдөйт;
- аралыктан окутууну окуу процессинде колдонуу тажрыйбасын жана илимий жаңылыктарды эске алуу менен, билим берүү порталы үчүн иштелип чыккан окуу ресурстарын толуктап жана жаңылап турат;
- аралыктан окутуунун талаптарына ылайык ЭОУКту иштеп чыгууну көзөмөлдөйт;
- аралыктан окутууну колдонгон окуу системасынын окутуучуларын даярдоо жана/же квалификациясын жогорулатууну демилгелейт;
- аралыктан окутуу аркылуу ишке ашырылуучу билим берүү программаларынын окуу пландарын адаптациялайт;
- аралыктан окутуунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен семестрдик окуу пландарын түзөт;
- бекитилген окуу жадыбалына ылайык, аралыктан окутууну колдонуу менен окуу процессин камсыздайт жана студенттердин өз алдынча ишин көзөмөлдөйт;
- электрондук каражаттарды (электрондук почта, Zoom, Skype ж.б.) колдонуу менен видеоконференцияларды, форумдарды, вебинарларды уюштурат.

*6.10. Маалыматтык технологиялар жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө борбору ректордун буйруктарына ылайык, электрондук окутуу, анын ичинде аралыктан окутууну колдонуу менен билим берүү программаларын жана өзүнчө окуу дисциплиналарын ишке ашырууда төмөнкү милдеттерди аткарат:*

- университеттин аралыктан окутууну колдонуу боюнча чечимдерин ишке ашырууну камсыздайт;
- аралыктан окутууну колдонгон билим берүү платформаларынын, серверлердин жана маалыматтык тутумдардын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылат;
- аралыктан билим берүү порталынын маалыматтык системасында пайда болгон санариптик издерди сактайт жана алардын бүтүндүгүн камсыз кылат;
- аралыктан окутууну колдонгон билим берүү платформаларынын чегинде ЭОУК боюнча маалымат базаларын түзөт, сактайт, коргоо тутумдарын жана резервдик көчүрмө механизмдерин ишке ашырат;
- университеттин ишмердүүлүгүнө байланыштуу архивдик документтерди мөөнөтүнө ылайык электрондук түрдө сактайт жана керектүү учурда жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат;
- университеттин маалыматтык ресурстарын колдонуучулардын жеке маалыматтарынын коопсуздугун камсыз кылат;

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/... от 12.0...

- аралыктан окутууну колдонгон окуу системасы үчүн зарыл болгон техникалык жабдуулар менен камсыздоону жүзөгө ашырат.

*6.11. Жогорку технологиялар паркы “IT академия” төмөнкү милдеттерди аткарат:*

- университеттин аралыктан окутууну колдонуу боюнча чечимдерин ишке ашырууну камсыздайт;
- аралыктан окутууну колдонгон билим берүү платформаларына кирүү тартибинин формасын аныктайт жана аларды ишке ашырууну камсыздайт;
- аралыктан окутууну колдонгон билим берүү платформалары үчүн зарыл болгон программалык камсыздоолорду иштеп чыгат жана орнотуу иштерин жүзөгө ашырат;
- аралыктан окутууну колдонгон окуу системасы үчүн программалык камсыздоону оңдоо, алмаштыруу жана жаңыртуу иштерин жүргүзөт;
- окуу процессинде санариптик технологияларды натыйжалуу колдонуу үчүн жаңы IT-чечимдерди иштеп чыгат жана ишке ашырат;
- университеттин маалыматтык тутумдарына интеграциялайт жана автоматташтырат;
- билим берүү порталы үзгүлтүксүз иштеши үчүн зарыл болгон алдын алуу иштерин жүргүзөт.

## 7 Аралыктан окутууну колдонгон окуу процессинин окуу-усулдук камсыздоосу

7.1. Аралыктан окутууга негизделген билим берүү процесси тиешелүү семестрдик окуу пландарга ылайык жүргүзүлөт. Бул процесс институт, факультет же колледж тарабынан иштелип чыгып, ОшМУнун ректору тарабынан бекитилет;

7.2. Университеттин билим берүү программаларына кирген аралыктан окутууну колдонгон окуу дисциплиналарын окуу-усулдук жактан камсыздоо электрондук окуу-усулдук комплекстерин түзүү аркылуу ишке ашырылат;

7.3. Аралыктан окутууну колдонгон билим берүү программаларын ишке ашырууда университеттин маалыматтык ресурстарына кирүү, электрондук окуу материалдарынын жана ЭОУКтун университеттин билим берүү порталына жайгаштырылышы менен жүзөгө ашырылат;

7.4. Аралыктан окутууну колдонгон окуу процессин окуу-усулдук жактан камсыздоо университеттин тиешелүү кафедралары тарабынан ишке ашырылат жана электрондук окуу материалдарды, электрондук окуу-усулдук комплекстерди иштеп чыгуучу авторлор, кафедралардын ПО курамы болуп саналат;

7.5. Аралыктан окутууну колдонгон билим берүү программаларын ишке ашырууда электрондук окуу-усулдук материалдардын өз убагында жана сапаттуу даярдалуу жоопкерчилиги кафедра башчыларына жүктөлөт.

7.6. Электрондук окуу-усулдук комплекстин автору мазмунуна, сапатына, ошондой эле аралыктан окутуунун маалыматтык ресурстарын өз убагында жайгаштырууга жеке жоопкерчилик алат.

## 8 Аралыктан окутууну колдонуу менен окуу процессин уюштуруу

8.1. Абитуриент менен университеттин ортосунда аралыктан окутууну колдонуу менен билим берүү программасын ишке ашыруу боюнча билим берүү кызматтарын көрсөтүү келишими келишимдик негизинде жана билим берүү кызматтарын көрсөтүү келишимине кол коюлгандан кийин жана студенттерди кабыл алуу эрежелерине ылайык окууга кабыл алуу тууралуу буйрук чыккан соң түзүлөт.

8.2. Окууга кабыл алынгандан кийин, аралыктан окутууну колдонгон студент университеттин билим берүү порталына кирүү укугуна ээ болуп жеке аккаунт маалыматтарын (логин, сырсөз) алат.

8.3. Окуу жылынын башында, студенттин интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү жок болсо,

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19 от 12.05.2021

окутулуучу дисциплиналар боюнча окуу материалдарды жана окуу процесси жөнүндө керектүү маалыматтарды камтыган Кейс-пакет менен камсыз кылынат. (1-тиркеме).

8.4. Аралыктан окутууну колдонгон окуу процессин уюштуруу жана ишке ашыруу билим берүү порталынын негизинде жүргүзүлөт.

8.5. Аралыктан окутууну колдонуу менен окуу процесси аудиториялык сабактардын жана студенттердин өз алдынча иштеринин айкалышына негизделет. Бул иштер тиешелүү билим берүү программаларынын талаптарына ылайык аткарылат.

8.6. Аралыктан окутууну колдонуу менен окуу планынын аткарылышы төмөнкү жолдор менен камсыздалат:

- билим берүү порталы аркылуу электрондук билим берүү чөйрөсүнө кирүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу;
- студенттердин өз алдынча сабактарды өздөштүрүүсү үчүн окуу-усулдук материалдар менен камсыздоо;
- окуу процессинин катышуучуларынын off-line жана on-line өз ара байланышы;
- окуу материалдарын өздөштүрүүнүн сапатын мезгил-мезгили менен текшерүү.

8.7. Аралыктан окутуу окуу процессинин жадыбалына ылайык жүргүзүлөт.

8.8. Ар бир дисциплина боюнча лекциялык жана практикалык (лабораториялык) сабактардын аудиториялык сааттары, аралыктан окутууну колдонуу менен билим берүүнү ишке ашыруу жөнүндө буйруктун негизинде, семестрдик окуу планында көрсөтүлөт.

8.9. Аралыктан окутууну колдонгон дисциплиналар үчүн күндүзгү, кечки формасында окуган студенттер семестр ичинде сабактардын жадыбалына ылайык жумасына 1 жолу (6 саатка чейин) аудиториялык сабактарга катышат же мугалим-консультант менен телекоммуникациялык каражаттар аркылуу байланышат. Аудиториялык сааттардын көлөмү семестрдик окуу планына жараша аныкталат (жалпы дисциплина боюнча сааттардын 40% чейин).

8.10. Аралыктан окутууну колдонууда бардык окуу сабактары, анын ичинде лабораториялык иштер жана учурдагы текшерүүлөр, билим берүү порталы аркылуу on-line же off-line режиминде дисциплинанын өзгөчөлүгүнө жараша ишке ашырылат.

8.11. Жеке консультациялар студент менен окутуучунун түздөн-түз же on-line режиминде байланышы аркылуу жүргүзүлөт.

8.12. Окутуучу менен студенттин аралыктан өз ара аракеттенүүсү төмөнкү жолдор менен камсыздалат:

- on-line режиминде – чат, вебинар, видеоконференция аркылуу;
- off-line режиминде – форум, интерактивдүү электрондук тапшырмалар же e-mail аркылуу.

8.13. Аралыктан окутууну колдонгон негизги окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- лекция (off-line/on-line режиминде);
- практикалык, семинардык, лабораториялык сабактар (off-line/on-line режиминде);
- жеке жана агымдык консультациялар (off-line/on-line режиминде);
- on-line тестирлөө;
- студенттердин өз алдынча иши, анын ичинде окуу жана окуу-усулдук материалдар менен иштөө, жеке үй тапшырмаларын аткаруу (off-line/on-line режиминде).

8.14. Аралыктан окутуу аркылуу окутуу үчүн программалык жана техникалык каражаттарга коюлуучу талаптар:

- ИНТЕРНЕТКЕ кирүү мүмкүнчүлүгү бар жеке компьютер;
- веб-камера;
- Windows, Linux же башка заманбап Интернет-браузерлерди (FireFox, Google Chrome, Opera ж.б.) колдогон операциялык система;
- Microsoft (Open) Office программасынын заманбап версиялары,
- .pdf форматындагы документтерди көрүү үчүн каражаттар (Adobe Reader, Foxit же башка);

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

- E-mail дареги;
- аралыктан окутууну колдонгон окуу системасынын катышуучуларынын on-line жана off-line өз ара аракеттешүүсүн камсыздоочу башка программалар (окутуучунун талабы боюнча);
- окутулуучу дисциплинанын ЭОУК талаптарына ылайык башка программалар.

8.15. Аралыктан окутууну колдонуу менен билим берүү программаларын ишке ашырууда студенттерге методикалык жардам берүү консультациялар аркылуу жүргүзүлөт:
- электрондук-аралыктан жеке консультациялар (E-mail, чат, Skype ж.б.);
- электрондук-аралыктан агымдарга консультациялар (вебинар, видеоконференция, чат, форум, Skype ж.б.).

8.16. Багыттоочу сессияда аралыктан окутууну колдонуу боюнча лекция төмөнкүлөрдү камтыйт:
- аралыктан окутууну колдонгон окуу системасынын тартиби жөнүндө маалымат;
- аралыктан окутууну колдонгон окуу системасынын катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсүн камсыздоочу заманбап коммуникациялык технологиялардын кыскача обзору;
- студенттин семестр ичиндеги өз алдынча ишин пландоо (өз алдынча иштин узактыгы, контрольдук иштерди аткаруу жана тапшыруу мөөнөттөрү, экзамендик сессияга даярдануунун мөөнөттөрү жана түрлөрү, электрондук окуу куралдары менен иштөө жана аларга кирүү методдору, тьютор-окутуучулар менен жана аралыктан окутууну колдонгон окуу системасынын башка катышуучуларынын өз ара аракеттенүү ыкмалары);
- контрольдук жана лабораториялык иштерди аткарууга коюлуучу талаптар, аларды аткаруу тартиби;
- учурдагы, аралык жана жыйынтык текшерүүлөрдү аралыктан тестирлөөнүн (прокторин) тартиби;
- студенттерге ЭОУКту берүү тартиби.

8.17. Аралыктан окутууну колдонуп дисциплинаны окутууга чейин төмөнкү иш-аракеттер жүргүзүлөт:
- аудиториялык багыттоочу киришүү сабагы;
- онлайн режиминде багыттоочу киришүү сабагы (видеоконференция);
- билим берүү порталында жайгаштырылган багыттоочу киришүү сабагынын видеосу.

8.18. Аралыктан окутууну колдонуу менен окутулуучу дисциплина боюнча компьютердик класста киришүү сабагы төмөнкүлөрдү камтыйт:
- дисциплинанын жалпы мазмуну, максаттары жана милдеттери жөнүндө маалымат;
- окуу процессин өткөрүү тартиби жөнүндө маалымат;
- билим берүү порталы жөнүндө маалымат;
- санариптик ресурстар жөнүндө кыскача маалымат.

8.19. Аралыктан окутууну колдонуу менен окуу процесси учурунда университеттин билим берүү порталында студент төмөнкүлөрдү аткарат:
- дисциплиналар боюнча электрондук окуу материалдарын ырааттуу үйрөнүү, анын ичинде контрольдук иштерин аткаруу;
- өзүн-өзү текшерүү максатында тестирлөө.

8.20. Дисциплина боюнча электрондук окуу материалдарын үйрөнүү процесси учурунда студент менен окутуучунун суроо-жооп режиминде өз ара аракеттенүүсү билим берүү порталы аркылуу жүргүзүлөт.

8.21. Практикалык жана лабораториялык иштер, лабораториялык жабдууларды колдонуу төмөнкүлөр аркылуу жүргүзүлөт:
- электрондук билим берүү чөйрөсүндө (виртуалдык лабораторияда, аралыктан жеткиликтүү болгон лабораторияда);
- студенттердин университеттин лабораториялык, компьютердик класстарына

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.

күндүзгү формада катышуу менен.

8.22. Аралыктан окутууну колдонгон семинардык сабактар төмөндөгүдөй негизде өткөрүлөт:

- белгиленген убакытта синхрондук режимде маалымат алмашуу аркылуу (on-line режиминде);
- каалаган убакытта университеттин билим берүү порталын колдонуу менен (off-line режиминде).

8.23. Студенттердин учурдагы модулдук жетишкендиктерин көзөмөлдөө окуу планында каралган бардык дисциплиналар боюнча жүргүзүлөт жана университеттин структуралык бөлүмдөрүндө бекитилген окуу процессинин жадыбалына ылайык уюштурулат.

8.24. Студенттердин өз алдынча ишин көзөмөлдөө үчүн ар кандай формалар, методдор жана технологиялар колдонулушу мүмкүн.

**Формалар:** электрондук презентациялар, кейстер, чыгармачылык иштерди коргоо, рефераттар, эсселер, өзүн-өзү баалоо отчеттор, текшерүү иштери ж.б.

**Көзөмөлдөө методдору:** семинардык сабактар, лабораториялык иштер, практикалык иштер, online маектер.

Студенттердин өз алдынча ишин көзөмөлдөө дисциплина боюнча аудиториядан тышкаркы өз алдынча ишке бөлүнгөн убакытта жүргүзүлөт жана студенттердин өз алдынча ишинин натыйжасы жазуу түрүндө окутуучуга тапшырылат же билим берүү порталына *.pdf форматында жүктөлөт.

8.25. Студенттердин өз алдынча ишин көзөмөлдөө учурдук жана аралык текшерүү менен бир убакта жүргүзүлүшү мүмкүн. Студенттердин өз алдынча ишин натыйжалары дисциплина боюнча жыйынтык текшерүүдө эске алынышы керек.

8.26. Аралыктан окутууну колдонуу менен студенттердин учурдук жана аралык текшерүүсү билим берүү порталы аркылуу (компьютердик тестирлөө жана өз алдынча иштерди аткаруу) жүргүзүлөт. Бул баалоонун объективдүүлүгүн текшерүү, маалыматтардын сакталуусун жана текшерүүлөр боюнча статистикалык маалыматтарды компьютердик иштетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Бул учурда окутуучу менен түздөн-түз байланыш зарыл эмес.

8.27. Учурдук жана аралык текшерүү, жыйынтык текшерүү ошондой эле калдык билимдерди текшерүү үчүн тесттик тапшырмалар кафедранын окутуучулары тарабынан иштелип чыгып, кафедрада ички экспертизадан өтөт жана кафедранын жыйынында бекитилет.

8.28. Тесттик тапшырмалардын мазмуну тиешелүү билим берүү программаларынын окуу дисциплиналарынын окутуу натыйжаларына жетүүнү аныктоосун эске алуу жоопкерчилиги кафедра башчысына милдеттендирилет;

8.29. Тесттик тапшырмалардын саны, варианттары жана тапшырмаларды аткарууга бөлүнгөн убакыт тиешелүү кафедра тарабынан аныкталат. (Тесттик тапшырмалардын саны математикалык дисциплиналар үчүн 100дөн, калган дисциплиналар үчүн 150ден кем болбоосу сунуш кылынат)

8.30. Учурдук жана аралык текшерүүнү жазма формада (контролдук иштерди аткаруу аркылуу өткөргөндө), контролдук иштердин электрондук варианттары студент тарабынан окутуучуга билим берүү порталы аркылуу жөнөтүлөт. Контролдук иштерди текшерүү мөөнөтү окутуучунун ишти алган күнүнөн тартып 10 иш күнүн түзөт.

8.31. Студент жыйынтык текшерүүнү аралыктан тапшырса, онлайн прокторинг аркылуу, аудиторияга келип тапшырса компьютердик тесттирлөө аркылуу өткөрүлөт.

8.32. Эгерде контролдук иш текшерүүдөн өтпөсө, студент аны кайрадан тапшырууга милдеттүү. Бул үчүн жетиштүү деңгээлде ачылбаган темаларды талап кылынат. Студент окутуучунун сунуштарын аткаргандан кийин жаңыланган файлды кайра жөнөтөт. Окутуучу ишти текшерип, балл коёт. Бардык тапшырмалар студенттин окуу мөөнөтүнүн ичинде электрондук маалымат базасында сакталат.

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ

8.33. Аралыктан окутууну колдонгон студенттердин дисциплиналар боюнча жыйынтык

текшерүүсү (аттестация жана экзамен) онлайн прокторинг же окуу пландарына ылайык жүзмө-жүз жазуу же компьютердик тестирлөө түрүндө жүргүзүлөт. Жыйынтык текшерүү үчүн тестирлөөнүн убактысы жана тестти кайталап тапшыруу боюнча чектөөлөргө ээ.
8.34. Жыйынтык текшерүү үчүн тестирлөөнүн убактысы жана тестти кайталап тапшыруу боюнча чектөөлөргө ээ.
8.35. Эгерде жыйынтык текшерүү ийгиликсиз тапшырылса, аралыктан окутууну колдонгон студент аны кайра тапшырууга эки жолу мүмкүнчүлүк алат.
8.36. Аралыктан окутууну колдонууда жыйынтык текшерүүнү, учурдук жана аралык текшерүү иштери университет тарабынан кабыл алынган билимди баалоо системасы аркылуу ишке ашат.
8.37. Аралыктан окутуу колдонулган билим берүү программаларын өздөштүрүп жаткан студенттер үчүн практика өткөрүү тартиби, ОшМУнун практикаларды уюштуруу жөнүндөгү жобосуна ылайык жүргүзүлөт. Бирок, окуунун спецификасын эске алуу менен практика отчетун коргоо аралыктан жүргүзүүгө болот.
8.38. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация жана бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо билим алуучулардын катышуусу менен күндүзгү формада жүргүзүлөт.
8.39. Аралыктан окутуу колдонулган билим берүү программаларындагы студенттердин дисциплиналарды жана (же) модулдарды өздөштүрүүсүнө, окуу процессине катышуу деңгээлине мониторинг жүргүзүү, ошондой эле материалдарды өздөштүрүүнүн жүрүшүн жана тапшырмалардын өз убагында аткарылышын контролдоо анын санариптик изин билим берүү порталында калыптандыруу аркылуу жүзөгө ашырылат.

## 9 Аралык аттестациялоо учурунда прокторингди колдонуунун уюштуруу-техникалык талаптары

9.1. Прокторингди колдонгон аралык текшерүү онлайн режиминде университеттин прокторинг системасы аркылуу жүргүзүлөт.
9.2. Прокторингди колдонуу менен аралык текшерүүгө катышкан студенттер жана окутуучулар үчүн минималдуу техникалык талаптар (мындан ары – аттестациянын катышуучулары) 2-тиркемеде көрсөтүлөт.
9.3. Прокторингди колдонуу менен аралык текшерүү башталганга чейин бекитилген жадыбалына ылайык катышуучулардын техникалык жабдуулары текшерилет.
9.4. Аралык аттестация прокторингди колдонуу менен бүтүндөй процедураны фото же видеого түшүрүү, анын ичинде студенттин жеке электрондук гаджетинин (компьютер, ноутбук, смартфон, планшет) жумуш столунун (рабочий экран) жазуусу жүргүзүлөт. Бул жазуулар, эгерде студент тарабынан туура эмес аракеттер орун алса жана студент апелляция берген учурда, далил катары колдонулушу мүмкүн.
9.5. Эгерде студентте прокторингди колдонуу менен аралык аттестацияны тапшыруу үчүн зарыл болгон техникалык каражаттар жок болсо, университет аларга атайын даярдалган аудиторияларды сунуштайт. Бул үчүн студент окуу процессинин календарына ылайык, администрацияга аттестация башталганга чейин арыз бериши керек.
9.6. Эгерде прокторингди колдонуу менен аралык аттестация учурунда байланыш 1 жолудан көп үзгүлтүккө учураса жана ар бир үзгүлтүк 15 мүнөттөн ашса, студентке аттестацияны кайра тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет. Бул үчүн атайын бекитилген жадыбалына ылайык кошумча резервдик күн белгиленет.
9.7. Студенттер үчүн негизги уюштуруучулук-техникалык талаптар:

- ички же тышкы веб-камерасы, микрофону жана динамиги бар компьютер, ноутбук, смартфон, планшет;
- маалыматтык-телекоммуникациялык тармак аркылуу туруктуу интернет байланышынын болушу;
- студент аралык аттестацияны өткөрүү үчүн зарыл шарттарды камсыздоосу (жетиштүү деңгээлдеги жарыктандыруу, төмөнкү деңгээлдеги ызы-чуу, тоскоолдуктардын жоктугу, дресс-коддун сакталышы);

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.08.2021

- студент веб-камерасын тууралап, өзүнүн толук көрүнүүсүн камсыздашы жана аттестация учурунда камеранын көрүнүү аймагынан чыкпоосу шарт;
- студент микрофонду өчүрбөөгө жана анын үн сезгичтигин төмөндөтпөөгө милдеттүү;
- прокторингдин уруксатысыз аралыктан тестирлөөнүн жазуусун токтотууга тыюу салынат.
- аралык аттестациялоо убагында үчүнчү тараптын жардамын алууга тыюу салынат, мүмкүнчүлүгү чектелген жана майыптыгы бар студенттер үчүн үчүнчү тараптын (ассистенттин) жардамын алууга уруксат берилет;
- аралык аттестация убагында, аралык аттестацияны өткөрүү үчүн түздөн-түз колдонулбаган маалыматтык материалдарды (китептер, шпаргалкалар, кагаз же электрондук түрдөгү жазуулар), ар кандай гаджеттерди (смартфон, калькуляторлор, планшеттер), кошумча мониторлорду, компьютердик техниканы пайдаланууга, браузердин вкладкаларын же программалык тиркемелерди ачууга тыюу салынат;
- студент аттестациялык сынак учурунда жеке компьютерине / ноутбугуна башка адамдардын кирүүсүнө уруксат бере албайт;
- студент прокторинг көрсөтмөлөрүн так аткарууга милдеттүү.

9.8. Университеттин прокторлоруна (экзаменаторлору) коюлуучу негизги уюштуруу-техникалык талаптар:

- ички же тышкы үн кошулмасы бар жеке компьютер же ноутбук;
- интернеттин туруктуу байланышы;
- проктор тарабынан аралык аттестацияны өткөрүү үчүн зарыл шарттарды камсыздоо (төмөн шум деңгээли, тоскоолдуктардын жоктугу).

9.9. Кошумча уюштуруу-техникалык жана программалык талаптар прокторинг провайдеринин сунуштары боюнча белгиленет жана студенттерге жана прокторлорго календардык окуу жадыбалына ылайык аралык аттестация башталарына 7 күн калганда нускама түрүндө жеткирилет.

## 10 Прокторингди колдонуу менен аралык аттестациясын өткөрүү тартиби

10.1. Студент прокторинг системасына (видеоконференцияга) аттестация башталганга чейин 15 мүнөттөн кечиктирбестен туташат, 9.7-бөлүмдө белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

10.2. Идентификация башталгандан тартып прокторинг системасы аралыктан аттестациялоонун жүрүшүн жазып баштайт.

10.3. Идентификация жана верификация процедурасы проктор тарабынан студенттин жеке документинде камтылган сүрөтү менен студенттин реалдуу фото, видеообразынын салыштырмалуу текшерилиши аркылуу жүргүзүлөт.

10.4. Студенттин веб-камера аркылуу берилген сүрөтү анык идентификация кылууга мүмкүн болбогон учурларда, проктор жогорку сапаттагы сүрөт алуу үчүн жабдыктарды алмаштырууну талап кылууга укуктуу.

10.5. Эгерде студент тарабынан жободо белгиленген аралык аттестацияны өткөрүү тартибин бузууга багытталган туура эмес аракеттер аныкталса, проктор тексттик же аудио билдирүү аркылуу эскертүү берүүгө укуктуу, ошондой эле студент тарабынан бир нече жолу тартип бузуулар орун алганда аттестацияны тапшыруу процедурасын токтотууга укуктуу.

10.6. Эгерде студенттин пикири боюнча, жободо белгиленген аралык аттестацияны прокторингди колдонуу менен өткөрүү тартиби бузулган болсо, анда ал апелляцияга берүүгө укуктуу.

10.7. Эгерде техникалык мүнөздөгү маселелер келип чыгып, аралык аттестацияны өткөрүүгө мүмкүнчүлүк болбой калса, анда катышуучу (студент же мугалим) институттун тиешелүү окуу түзүмдүк бөлүмүнө (деканат, департамент, кесиптик колледж бөлүмү) телефон же электрондук почта аркылуу кайрылышы керек.

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ

**1-тиркеме.**

**Билим берүү программасынын «Кейс-пакети»**

1. Окуу жылынын академиялык календары
2. Окуу жылынын семестрдик окуу планы
3. Байланышуу үчүн маалыматтар:
   - Декенат *(веб сайты, билим берүү портала*, , *телефон, e-mail).*
   - Кафедралар *(телефон, e-mail).*
4. Окуу процессинин жадыбалы:
   - Аудиториялык сабактардын жадыбалы.
   - Тармак аркылуу окутуучу менен байланышуунун жадыбалы.
   - Окутуучу менен түздөн-түз консультация алуунун жадыбалы.
   - Аралык жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн жадыбалы.
   - Кайра тапшыруунун жадыбалы.
   - Практикалардын жадыбалы.
   - Квалификациялык ишти (дипломдук ишти) коргоонун жадыбалы.
   - МАКтын жадыбалы.
5. Окуу жылы үчүн түзүлгөн дисциплинын электрондук окуу-методикалык комплекси.
6. Электрондук китептер.
7. Даттануу жана сунуштардын формасы (e-mail).

**2-тиркеме.**

**Прокторинг колдонуу менен аралык аттестациядан өтүп жаткан студенттер жана окутуучулар үчүн техникалык жабдууларга коюлган минималдуу талаптар.**

| **Параметр** | **Минималдык талап** |
|---|---|
| Операциялык системасы | Windows (версия 7 же андан жогору), Mac OS X Yosemite 10.10 же андан жогору же Linux |
| Тез эс | 3Гб жана андан жогору |
| Интернетке туташуу маалыматтарды берүү ылдамдыгы | 5 Мбит/сек төмөн эмес |
| Веб браузер | Google Chrome, Firefox же Яндекс браузерлеринин соңку версиясы |
| Веб камера | 640x480, 15 кадр/с |
| Микрофон | каалаган |
| Динамиктер, наушниктер | каалаган |
| Катуу дискте бош орун | 500 Мб аз эмес |

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021